КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ	И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
	БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ
	ДП 01-7

ЖАКТЫРЫЛДЫ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кенешинин отурумунда
Протокол № 2
«28» 10 2026-ж.

БЕКИТЕМИН
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору _____ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/279
«29» 10 2026-ж.

И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУНУН PHD-ПРОГРАММАЛАРЫН САНАРИПТЕШТИРҮҮ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бишкек, 2026

ӨЗГӨРТҮҮЛӨР БАРАКЧАСЫ

ЧААнын версиясы-нын №	**Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзацы (баракты көрсөтүү менен)**	**И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы**
1		Протокол №2 28-октябрь, 2026 ж.

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – И. Раззаков атындагы КМТУ) PhD-программаларын санариптештирүү борборунун (мындан ары – Борбор) укуктук статусун, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, укуктарын, жоопкерчилигин жана ишин уюштуруу тартибин аныктайт.

1.2. Борбор D-TIDE эл аралык демилгесин («Кыргыз Республикасынын университеттеринде инклюзивдик PhD-билим берүүнүн санариптик экосистемасын иштеп чыгуу жана киргизүү») жана университетти санариптик трансформациялоо Стратегиясын ишке ашыруунун алкагында түзүлгөн И. Раззаков атындагы КМТУнун Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн түзүмдүк бөлүнүшү болуп саналат. Борбор КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин (мындан ары –КР ИЖББжИМ) тапшырмасы боюнча пилоттук санариптик платформанын координатору функциясын аткарат.

1.3. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин, Кыргыз Республикасында Жождун кийинки кесиптик билим берүүнү (PhD/профиль боюнча докторантураны) уюштуруу жана философия доктору (PhD)/профиль боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобону, И. Раззаков атындагы КМТУнун Уставын жана КМТУнун башка локалдык ченемдик актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.4. Борбордун иши инклюзивдик PhD-окутуунун санариптик экосистемасын башкарууга, өнүктүрүүгө, методикалык жана техникалык коштоого, ошондой эле И. Раззаков атындагы КМТУнун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамынын, илимий жетекчилеринин жана докторанттарынын санариптик жана инклюзивдик компетенцияларын жогорулатууга багытталган.

1.5. Борборду түздөн-түз илимий иштер боюнча проректорго баш ийген Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы башкарат. Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн кызматкерлери Борбордун милдеттерин ишке ашыруугакатышышыат. Борбордун түзүмүнө IT-инфраструктура жана маалыматтар аналитикасы боюнча адис кириши мүмкүн.

2. Борбордун максаттары жана милдеттери

2.1. Борбордун негизги максаты - И. Раззаков атындагы КМТУда жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында PhD докторанттарын даярдоо программалары үчүн бирдей жеткиликтүүлүктү, сапаттын эл аралык деңгээлин жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун камсыз кылган санариптик жана инклюзивдик билим берүү-изилдөө чөйрөсүн түзүү, колдоо жана туруктуу өнүктүрүү болуп саналат.

2.2. Борбордун негизги милдеттери:

–КР ИЖББжИМ менен биргеликте PhD-билим берүүнү башкаруунун жана мониторинг жүргүзүүнүн санариптик платформасынын иштеши;

–PhD программаларын башкарууну жана билим берүү процессин санариптештирүү (LMS-платформалар, санариптик портфолиолор, электрондук реестрлер);

–докторанттардын бардык категориялары, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (ДМЧА) үчүн билим берүү ресурстарынын жана илимий материалдардын инклюзивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

–PhD билим берүү программаларынын жетекчилеринин, PhD илимий жетекчилеринин жана PhD программаларын ишке ашыруу процессине тартылган башка административдик персоналдын санариптик, методикалык жана изилдөөчүлүк компетенцияларын жогорулатуу;

–академик мобилдүүлүккө, интернационалдаштырууга жана чет өлкөлүк өнөктөш университеттер менен биргелешкен PhD-программаларга көмөктөшүү;

–И. Раззаков атындагы КМТУда санариптик жана инклюзивдик PhD-билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү, өзүн-өзү баалоо жана контролдоо.

3. Борбордун функциялары

Жүктөлгөн милдеттерге ылайык Борбор төмөнкү функцияларды аткарат:

3.1. Башкаруу жана санариптик инфраструктура тармагында:

- И. Раззаков атындагы КМТУнун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун PhD-окутуу санариптик платформасынын функционалын иштеп чыгуу, киргизүү жана техникалык колдоо;
- PhD докторанттарынын санариптик профилдерин жана электрондук портфолиолорун жүргүзүү;
- пландаштыруу, академик прогрессти эсепке алуу, аттестациялоо жана доктордук диссертацияларды коргоо процесстерин автоматташтыруу;
- КР мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарды коргоону жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу, анын ичинде колдонуучулардын кирүүсүн ролдор боюнча чектөө жана тиешелүү уруксатсыз башка уюмдардын маалыматтарына кирүүгө тыюу салуу.

3.2. Инклюзивдик билим берүү жана методикалык камсыздоо тармагында:

- Электрондук билим берүү ресурстарын жана окуу модулдарында өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайыкташтыруу;
- ДМЧА бар докторанттар үчүн атайын жумушчу орундарды жабдуу жана колдоо;
- PhD-программаларда санариптик инструменттерди колдонуу боюнча методикалык колдонмолорду жана нускамаларды иштеп чыгуу.

3.3. Компетенцияларды өнүктүрүү жана окутуу тармагында:

- PhD илимий жетекчилери үчүн санариптик педагогика, онлайн-менторинг жана Жасалма Интеллектти (ЖИ) колдонуу этикасы боюнча окутуу тренингдерин, семинарларды жана квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу жана өткөрүү;
- PhD докторанттарын эл аралык илимийметрикалык маалымат базалары, маалыматтарды анализдөөнүн санариптик инструменттери жана академик абийирдүүлүк системалары менен иштөөгө окутуу.

3.4. Мониторинг жана эл аралык кызматташуу тармагында:

- Платформанын иштеши жана макулдашылган агрегацияланган маалыматтарды өзүнчө макулдашуу менен белгиленген тартипте өткөрүп берүү маселелери боюнча КР ИАИМ менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу;
- докторанттардын жана илимий жетекчилердин санариптик сервистердин сапатына канааттануусуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү;
- PhD-программаларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды чогултуу, валидациялоо жана аналитикалык иштеп чыгуу;
- биргелешкен жетекчилик жана тармактык PhD-программалар маселелери боюнча европалык жана азиялык өнөктөш университеттер менен өз ара аракеттенүү.

4. Борбордун укуктары жана жоопкерчилиги

4.1. Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы Борбордун ишинин бөлүгүндө төмөнкү укуктарга ээ:

- И. Раззаков атындагы КМТУнун түзүмдүк бөлүнүштөрүнөн (департаменттерден, институттардан, кафедралардан) Борбордун милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды сурап алууга;
- И. Раззаков атындагы КМТУнун жетекчилигинин, Окумуштуулар кеңешинин кароосуна ченемдик базаны, санариптик инфраструктураны жана PhD-программаларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- санариптештирүү жана инклюзивдик билим берүү маселелери боюнча окутуу иш-чараларын, конференцияларды жана вебинарларды уюштурууга жана өткөрүүгө;
- долбоорлорду ишке ашыруу жана билим берүү модулдарынын сапатын баалоо үчүн эксперттерди, анын ичинде чет өлкөлүк эксперттерди тартууга.

4.2. Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы Борбордун ишинин бөлүгүндө төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- ушул Жободо каралган Борбордун функцияларын жана милдеттерин сапаттуу жана өз убагында аткарууга;
- Борборго ишенип берилген жабдуулардын, программалык камсыздоонун жана санариптик сервистердин сакталышына жана үзгүлтүксүз иштешине;
- Борбордун санариптик платформасынын колдонуучуларынын жеке маалыматтарынын купуялуулугун сактоого;
- Борбордо эмгек дисциплинасын, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого.

5. Республиканын башка органдары жана И. Раззаков атындагы КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүү

5.1. Борбор И. Раззаков атындагы КМТУнун IT-департаменти менен биргеликте D-TIDE эл аралык долбоорунун алкагында доктордук билим берүүнү (PhD) башкаруунун санариптик системасын иштеп чыгууну, тестирлөөнү, киргизүүнү жана техникалык коштоону жүзөгө ашырат.

5.2. Борбор D-TIDE долбоорунун өнөктөш университеттери менен доктордук билим берүүнү (PhD) башкаруунун иштелип чыккан санариптик системасын апробациялоо, тестирлөө жана баскыч-баскычы менен киргизүү маселелери боюнча өз ара аракеттенет.

5.3. Борбор IT-департаменти менен биргеликте билим берүү, илимий-изилдөө жана административдик процесстерди автоматташтыруу үчүн доктордук билим берүүнү (PhD) башкаруунун иштелип чыккан санариптик системасын иштеп жаткан университеттик маалыматтык системалар менен интеграциялоону камсыз кылат.

5.4. Борбор өнөктөш университеттердин аспирантура жана докторантура бөлүмдөрү, институттары, кафедралары жана илимий жетекчилери менен PhD-программаларды санариптештирүү, докоранттардын жеке пландарынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана илимий-изилдөө ишин уюштуруу маселелери боюнча өз ара аракеттенет.

5.5. Борбор өнөктөш университеттер менен биргеликте кызматкерлерди, илимий жетекчилерди жана докоранттарды иштелип чыккан санариптик системаны колдонууга окутууну уюштурат, ошондой эле аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды чогултууну камсыз кылат.

5.6. Борбор КР ИЖББжИМ жана башка жогорку окуу жайлары менен Кыргыз Республикасынын университеттеринде доктордук билим берүүнү (PhD) башкаруунун санариптик системасын андан ары жайылтуу, өнүктүрүү жана киргизүү маселелери боюнча өз ара аракеттенет.

6. Финансылоо жана материалдык-техникалык камсыздоо

6.1. Борбордун ишин финансылоо төмөнкүлөрдүн эсебинен жүзөгө ашырылат:

- И. Раззаков атындагы КМТУнун атайын эсебинин каражаттары;

– эл аралык долбоорлордун гранттык каражаттары (анын ичинде D-TIDE долбоору);
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.

6.2. И. Раззаков атындагы КМТУ Борборго анын функцияларын натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон имараттарды, жабдууларды, программалык камсыздоону жана байланыш каражаттарын берет.

7. Кайра уюштуруу, жоюу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

7.1. Ушул Жобо И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңеши бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

7.2. Ушул Жобого өзгөртүүлөр Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысынын сунушу боюнча киргизилет жана И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

7.3. Борборду кайра уюштуруу жана жоюу Уставда белгиленген тартипте И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы Исраилов А.Ж.